УДК 338.2

Ү.М. АБДЫЛДАЕВА
U.M. ABDYLDAEVA
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# КУРУЛУШ МЕКЕМЕЛЕРИНИ КАПИТАЛЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# FEATURES OF FORMATION OF CAPITAL IN CONSTRUCTION ORGANIZATIONS

*Бул макалада курулуш мекемелерини уставдык капиталынын калыптануусунун өзгөчөлүктөрү, принциптери, мыйзам нормалары каралган.*
***Ачкыч сөздөр**: курулуш, уставдык капитал, калыптануу.*

*В данной статье рассмотрены особенности, принципы и законодательные нормы формирования капитала в строительных организациях.*
***Ключевые слова:** строительство, уставный капитал, формирование.*

*This article describes the features, principles and legal norms of capital formation in construction organizations.*
***Keywords:** construction, registered capital, the formation of.*

Кыргыз Республикасынын экономикасынын ЕАЭСке кирүү шарттарында курулуш мекемелерде капиталдын ролу жогорулады. Ал ишкердикти каржылоодо незги булак болуп эсептелет.Ошондрй эле ишканада, экономиканын өнүгүүсү жана мамлекеттин, ишкананын ээлеринин кызыкчылыктарын камсыздоо максатында, финансалык башкаруу объектиси катары каралат. Курулуш тармагында капитал өзүнө таандык спецификалык өзгөчөлүлтөргө ээ. Ошондуктан, курулуш мекемелеринин капиталынын калыптануусунун маселелери изилдөө кызыкчылыгын туудурат

Курулуш мекемелеринин эффективдүү ишкердиги капиталдын туура калыптанышынан жана анын түзүлүшүн оптималдаштыруудан аныкталат. Капиталдын калыптанышы төмөндөгү принциптерге таянуусу зарыл:

- Мекеменин ишкердигинин өнүгүүсүнүн перспективаларын эске алуу;
- Капиталды эффективдүү пайдалануу;
- Капиталды ар кайсы булактардан түзүүдө чыгашаларды минималдаштыруу;
- Укуктук конформизм.

Курулуш кооптуу иш чөйрөсүнө кирет, себеби милдеттүү талаптарды бузуу кайра кайтарылгыс, адамдардын ден-соолугуна жана өмүрүнө таасир тийгизген жана материалдык жактан да чоң зыян тартууга алып келет. Ушул себептен мамлекетте нормативдер менен эрежелер аркылуу курулуш таргамынын инвестициялык, экономикалык, техникалык жактан камсыздоого керектүү шарттарды түзүү жоопкерчилиги турат.

Курулуш мекемелерини капиталынын калыптануусунун тартибинин укуктук жөнгө салуусу Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинде (101-167 статьяларында) жана законпордо (негизгилер катарында КР “Акционердик коомдор жөнүндө” закону, “чарбалык шериктик жана коомдор жөнүндө) жазылган.

Курулуш мекемелерини капиталынын калыптануусунун тартибинин укуктук жөнгө салуусу төмөндөгү нормаларды бекитүү жана ишке ашыруу менен аткарылат:

- уставдык капиталдын минималдык көлөмүн белгилөө;
- акционердик коомду түзүүдө түзүүчүлөрдүүн арасында баардык акцияларды жайгаштыруу

- мамлекеттик каттоо учрунда уставдык капиталдын көлөмүнүн 50% жана андан ашык пайызын төлөө, калган бөлүгүн каттоо жүргүзүлгөн убакыттан кийин бир жыл ичинде төлөө.

Изилдөөлөрдүн негизинде биздин мыйзамдар россия мыйзамына шайкеш келүүсүн байкадык. Себеби анда да, чарбалык шериктик жана коомдордо уставдык капиталдын туруктуу минималдык көлөмү көрсөтүлгөн: ачык акционердик коомдун уставдык капиталдын минималдык көлөмү миң эмгек акы төлөөсүнүн минималдык көлөмүн, жабык акционердик коомдун жана жоопкерчили чектелген коомдордо – жүз эмгек акы төлөөсүнүн минималдык көлөмүн түзөт.

Белгилей кетсек, европа өлкөлөрүндө мыйзамда жабык акционердик коомдун түлүүсүндө уставдык капиталды аз-аздап төлөөсүнүн керектиги каралган. Мисалы, Гермагияда уставдык капиталга 25 миң евродон кем эмес акчаны төлөөгө жоопкерчили чектелген коомду түзүүдө кажет (ар бир бөлүгү 100 евродон кем болбошу керек), ал эми Францияда уставдык капитал толугу менен төлөнүшү керек.

Кыргызстанда көрсөтүлгөн көлөмдөр уставдык капиталдын кредиторлордун укугун коргоо функциясын аткарууга жетишсиздигин туудурат.

Мыйзам тарабынан коомдордун, кредиторлордун кызыкчылыктарын эске алуу менен уставдык капиталдын түзүлүшүн, калыптануусунун тартибин, анын көлөмүн көбөйтүү же азайтуу процесстерин, уставдык капиталды көбөйтүүдө акциялардын сатуу жана жайгаштыруу процесстерин тартипке келтирүүсү каралган.

Мыйзамда уставдык капиталдын түзүлүшүндө юридикалык жактан кемчиликтер бар. Ошондой эле, катышуучу өзүнү бөлүгүн акчалай эмес каражаттар менен киргизиши мүмкүн. Мисалы, ишкананнын уставдык капиталын төлөөдө киргизилген интеллектуалдык менчик, бул ишкананын менчиги болуп калат жана аны колдонуу укугу курулуш ишканасына толугу менен өтөт. Бирок, мыйзамдын негизинде, бул интеллектуалдык менчик менен колдонуу укугу кредиторлорго берилген учурлар да каралган.

Изилдөөлөргө таянып, уставдык капиталдын калыптануусунда акча эмес каражаттарга төмөнкү талаптарды киргизүү керек:

- акча эмес каражаттарга акчалай баалоого мүмкүн болгон мүлк жана укуктар кириши мүмкүн.Ошону менен бирге уставдык капиталга мүлктү колдоонууга болгон укуктар- арендалык укук- киргизүүгө болбойт, бирок лицензия келишими менен болгон укуктар киргизилет.
- акча эмес каражаттар коомдун мүчөлөрү тарабынан бааланбашы керек. Аны көз каранды эмес баалоочу баалаш керек, себеби салымдын рынок баасы каралат, анын коом менен анын түзүүчөлөргө болгон баалуулугу каралбайт. Көз каранды эмес баалоочу салымдын баасын жогорулатуу көлөмүнө жараша өзүнө субсидиардык жоопкерчиликти алат.
- эгерде уставдык капиталга акча эмес каражат катары киргизилген мүлк үчүнчү тарап менен виндицияланса, анда түзүүчүнү, уставдык капиталга киригизген салымын акчалай түргө алмаштырып төлөөсүн милдеттендириш керек.

Биздин оюбузча, граждандык мыйзамга ушундай өзгөрүүлөрдү киргизүү кредиторлого алардын закондуу гарантиясын камсыздайт. Азыркы учурда колдонулуп жаткан мыйзамдар түзүүчүлөрдүн мүлк катарында капиталдагы үлүшүн баалоодо ишин текшерүүгө мүмкүндүк бере албайт. Бул мыйзамдагы кетирген каталыккредиторлордун жана коомдун түзүүчүлөрдүн укуктарын кемсинтет. Бул себептен улам коомдордун уставында уставдык капиталга акчалай эмес болгон салымдардын тизмеси жана алардын баалоосу көрсөтүлүш керектигин камтыган мыйзамдуу талап кабыл алыныш керек. Ошондой эле, курулуш мекемелеринин уставдык капиталын жөнгө салуучу так нормативдик документтер жок. Курулуш тармагы эл чарбасында алдынкылардын катарына кирет. Ошон үчүн курулуш мекемелеринин уставдык капиталынын минималдык көлөмүнө талаптарды камтуучу нормативдик документ кабыл алыныш керек. Биздин

оюбузча, курулуш мекемелерге элдин, кредиторлордун ишенимин көтөрүү максатында, курулуш менемелердин финансылык туруктуулугун камсыздоо үчүн алардын уставдык капиталынын минималдык көлөмү 100 млн сомго чейин көтөрүлүш керек.

## Адабияттар тизмеси


1. Юридикалык жактар [Текст] //Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси. – Бишкек: Академия, 2009. – Ч. 1. – Б. 182 – 204.

2.Акционердик коомдор жөнүндө [Текст]: закон Кырг. Респ., от 12 окт. 2009 г., № 265 (өзгөр. и кош.) // Нормат. акты Кырг. Респ. – 2010. – № 17. – Б. 22-31.

3. Рудык Н. Б. Корпорациялардын капиталынын түзүмү: теория и практика [Текст] / Н.Б.Рудык. – М.: Дело, 2004. - 272 б.